УДК 378.144

М.Раимбекова

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА СҮЙЛӨМДҮ ОКУТУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ

*Сүйлөм – өз ара пикир алышуунун негизги каражаты. Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүдө негизги мааниге ээ, ошондуктан бул макалада кыргыз тил илиминдеги сүйлөмдүн изилденишине, ачыгын айтканда, ага мүнөздүү болгон белгилерин белгилөөгө карата аракет жасалды.*

Башталгыч класстарда окуучуларды синтаксистин материалдары менен тааныштыруу иши 2-класстан башталып, сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү алгачкылардан болуп өздөштүрүлөт. Кийинки класстарда сүйлөм жөнүндөгү теориялык маалыматтар андан ары кеңейтилип отурат. Бул маселе сабата үйрөтүү мезгилинде да жеке сөздөрдү атоо, алардан сүйлөм, сүйлөмдөн байланыштуу тексттерди түзүү иштеринде жүргүзүлөт.

Окуучуларды сүйлөм түзүүгө машыктыруу иши – ар бир сабактын ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет, анткени бул маселе оозеки сүйлөм түзүп, туура сүйлөөгө, өз оюн ырааттуу билдирүүгө негиз болот. Тил боюнча билим берүүнүн пайдубалы башталгыч класстардан түзүлөт. Ошол себептүү кыргыз тил башталгыч класс мугалимдери синтаксистин эң маанилүү бөлүмү болгон сүйлөм, анын негизги белгилери жөнүндө маселелерди терең өздөштүрүүлөрү зарыл.

Синтаксис - грек сөзү (Sintaxis), бизче «түзүү», «кошуу», «бириктирүү» дегенди билдирет. Ал кыргыз тилиндеги сөз айкашы, сүйлөмдүн түзүлүш мыйзамдары сыяктуу маселелерди изилдейт. Тактап айтканда, синтаксис-байланыштуу кептин түзүлүшүн үйрөтүүчү грамматиканын маанилүү бөлүгү, анын башкы маселеси жана негизги категориясы - сүйлөм. Бизге белгилүү болгон лингвистиканын башка бөлүмдөрүнөн, башкача айтканда, фонетика менен лексикадан, морфологиядан сүйлөмдүн айырмасы эмнеде? Эң башкы айырмасы – анын айрым бир ойду билдирип, байланыш-катыш кызматын аткаргандыгында. Сүйлөм - бул пикир алышуунун кичине бирдиги. Чынында, фонема да, морфема да, сөз да сүйлөмдөн тышкары туруп, коммуникативдүүлүк кызматын аткара алышпайт, анын курулуш гана материалы болуп эсептелет. Кыскасын айтканда, биз сүйлөмсүз башкалар менен өз ара пикир алыша албайбыз, кандайдыр ой-пикирди, ар кандай сезимдерди, чындыкка карата болгон мамилелерди билдирүүгө мүмкүн эмес. Демек, сүйлөм аркылуу гана коомдо жашаган адамдар бири-бири менен байланыш жасоо кызматын жүзөгө ашыра алат. Ошентип, жалпы тил илиминде сүйлөм маселеси-ары татаал, ары көп кырдуу маселе. Ошон үчүн сүйлөмдүн критериясы ар кандай көз караште, ар түрдүү аспектиде: грамматикалык, семантикалык, логикалык, коммуникативдик, предикативдүүлүк жактан каралып келе жатат. Мына ушулар сүйлөм жөнүндөгү аспектилерди айырмалоо мүнөзүндө кароого алып келүүдө. Тил илиминде сүйлөмгө берилген үч жүзгө жакын аныктамаларды кездештирүүгө болот [5, 8-б.].

Проф. Ж.Жусаев сүйлөмдүн теориялык негизги маселеси жөнүндө кенен баяндама берет да, анын негизги белгилери «интонация, модалдуулук, предикативдүүлүк жана коммуникативдүүлүк» деген жыйынтыкка келет [5, 50-б.]. Бул теориялык идея толук колдоого татыктуу.

Эгерде жалпы тил илиминде баяндалган илимий-теориялык материалдарды жалпыласак, анда сүйлөмдүн негизги белгилери деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот: коммуникативдүүлүк, предикативдүүлүк, модалдуулук жана интонация. Ушулардын өз ара тыгыз байланышып келишинин натыйжасында гана сүйлөм уюшулуп, тил өзүнүн пикир алышуу функциясын жүзөгө ашырат. Ошентип, сүйлөмдүн семантика-грамматикалык табияты-татаал проблема, жалпы тил илиминде сүйлөм мындай болуш керек деген анын критериясы иштелип чыга элек, ошон үчүн ар кандай аныктамалардын болушу табыгий иш деп эсептейбиз. Бирок кийинки илимий изилдөөлөрдө (А.Н.Нурмаханова, Ж.Жусаев ж.б.) жогоруда көрсөтүлгөн сүйлөмдүн белгилери ишенимдүү түрдө белгиленүүдө.

Коммуникативдүүлүк - сүйлөмдүн негизги белгиси. Тил пикир алышуунун куралы

дейбиз, бул туура. Эгерде тилди күндөлүк турмушта, тиешелүү чөйрөдө, кандайдыр бир максатта колдонгон учурда гана ал пикир алышуунун, өз ара байланыш-катнаш жасоонун каражаты боло алат. Демек, тилди турмушта колдонуу деген эмне? Бул ой-пикирди, ар кандай сезимдерди, дүйнө тааным билимдерди ж.б. оозеки же жазуу түрүндө башкаларга билдирип жана алар менен пикир алышуу, байланыш жасоо. Башталгыч класстарда бул ишти жүзөгө ашырууда сүйлөм колдонулат да, андан текст түзүлүп, байланыштуу кеп пайда болот. Чынында, кеп өзүнөн өзү эле пайда боло бербейт, бул үчүн тиешелүү шарттын, кырдаалдын жана себептин болушу зарыл. Ушундай кырдаалдар тиешелүү сүйлөмдүн, кепин пайда болушун талап кылат да, тил өзүнүн коммуникативдүү, башкача айтканда, адамдар менен байланыш-катнаш жасоо кызматын аткарат. Ошентип, сүйлөм гана өз ара пикир алышууну камсыз кылууга жөндөмдүү. Ошон үчүп мектептен баштап жогорку окуу жайларына чейинки окуу китептеринин баарында сүйлөмгө бир түрдүү аныктама берилип келе жатат: «Бүткөн бир айрым ойду билдирген сөз, же сөздөрдүн тизмеги сүйлөм деп аталат. Практикада бул аныктама адатка айланып, калыптанып калды. Лингвисттердин басымдуу көпчүлүгү сүйлөм боюнча көрүнүктүү лингвист, академик В.В.Виноградовдун жобосун жетекчиликке алып келе жатышат: «Сүйлөм - бул тилдин мыйзамы боюнча грамматикалык жактан уюшулган кептин максаттуу бирдиги, ал ойду калыптандыруучу жана аны билдирүүчү башкы каражат болуп эсептелет [1, 65-б.].

Ошентип, пикир алышуу-грамматикалык жана психологиялык татаал процесс, анын өзүнө тиешелүү мыйзамдары бар. Коммуникативдүүлүк - тилдин негизги белгилеринин бири дегендин синтаксистик мааниси эмнеде? Бул категориянын мааниси мына мында-башка адамдарга бир нерсе жөнүндө кабар берүүгө ниеттенүү, ал эми кабар берүү үчүн сүйлөм түзүү талап кылынат. Ошентип, сүйлөм ойду билдирүү менен байланыш каражаттарынын милдетин аткарат, бул биринчиден. Экинчиден, коммуникация латын сөзү (communicatio), кыргызча мааниси байланыш-катнаш жасоонун каражаты дейбиз. Ушул айтылганды проф. А.Жапаровдун аныктамасы менен бекемдөөгө болот: «Пикир алышуу адамзат коомунда туруктуу зарылдык болуп саналат. Тил өзүнүн бул маанилүү функциясын сүйлөм аркылуу жүзөгө ашырат. Ошентип, сүйлөм бүткөн ойду билдирип, катнаш куралы катары кызмат кылат» [3, 19-б.]. Демек, сүйлөмдүн ушул кызматы анын тилдин башка системаларынан айырмалап турат. Ушул айтылгандарды эске алсак, анда сүйлөмдүн негизги белгилеринин бири – жыйынтыктоочу ойду билдирүү.

Эгерде биз: «Тил – ойдун тикеден тике чындыгы» деген марксизмдин жобосун эске алсак, анда сүйлөм логика илими менен байланыштуу (логика – акыл – эс - ой жүгүртүүнүн ыңгайлуу ыктары жөнүндөгү илим; гректин «logike» деген сөзүнөн алынган). Бирок булардын ар биринин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар, анткени кандай гана ой болбосун ал тилдин жардамы менен жүзөгө ашырылат.

Ошентип, сүйлөмдүн коммуникативдүүлүк деген белгиси кыргыз тилин окутууда эң керектүү мааниге ээ. Эмне үчүн? Анткени биз жалаң эле тилдик теорияларды, аныктамаларды жаттай бербестен, тилдин турмуштук маанисин, анын байланыш – катыш курал экендигин үйрөнүүбүз зарыл. Бул болсо окуучулардын ой жүгүртүүсүн, сөз байлыгын алда канча өнүктүрүүгө жардам берет.

Сүйлөмдүн белгилеринин дагы бирөө – предикативдүүлүк. Бул ээ менен баяндоочтун ортосундагы байланыш. Жалпы эле алганда, сүйлөмдү түзүп турган сөздөр бири бири менен маанилик жана грамматикалык жактан байланышып турушат, себеби сөздөрдүн кайдыгер эле тизмеги сүйлөмдү уюштура албайт. Байкап көрөлү: айыл, кечээ, келүү, мен – бул сүйлөм эмес, анткени сөздөрдүн ортосунда байланыш жок. Сөздөр тилдин ички мыйзамдары боюнча байланышып келгенде гана сүйлөм түзүлөт да, белгилүү бир ой билдирилет: Мен кечээ айылдан келдим. Сөздөр өз ара ички маанилик жактан байланышканда алардын бирөө экинчи сөздүн маанисин толуктап, тиешелүү суроого жооп берет да, синтаксистик бир кызмат аткарат. Ушуга байланыштуу сүйлөмдүн курамындагы сөздөр өзүлөрүнүн семантика – синтаксистик кызматы боюнча баш (ээ жана баяндооч) жана айкындооч (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) мүчөлөр деп аталышат. Сөздөрдүн ортосундагы ушундай катыштар ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш, ээрчишүү сыяктуу синтаксистик байланыштын түрлөрү аркылуу чагылдырылат.

Сүйлөмдү уюштурууда ээ менен баяндооч чечүүчү мааниге ээ, анткени ал экөөнүн семантика – грамматикалык жактан байланышып келишинен сүйлөм түзүлөт да, алар сүйлөмдүн грамматикалык негизи болуп саналышат. Сүйлөмдүн предикативдүүлүк белгисин билдирүүчү ээ менен баяндоочтун ортосундагы мыйзамды байкап көрөлү: Күн

кылкылдап уясына батып баратат. Мында күн – ээ, III жакта, жекелик санда; батып баратат – баяндооч, III жакта, жекелик санда. Ээ менен баяндооч өз ара жак жана сан боюнча байланышты; байланыштын бул түрү синтаксистик ээрчишүү деп аталат. Эгерде ушул мисалдагы баш мүчөлөр жак боюнча ээрчишпесе, анда сүйлөм түзүлбөйт: Күн кылкыядан уясына батып баратамын; Күн кылкыядан уясына батып баратасың. Эмне үчүн булар сүйлөм эмес? Биринчиден, баш мүчөлөр жак боюнча ээрчишкен жок, башкача айтканда, ээ менен баяндоочтун ортосунда предикативдүүлүк байланыш болбой калды. Экинчиден, сөз тизмегинин маанисине түшүнүүгө болбойт.

Предикативдүүлүктү уюштурууда чак жана жак категорияларынын мааниси чоң. Сүйлөм аркылуу билдирип жаткан окуя, кыймыл – аракет, иш – аракеттердин баары белгилүү бир убакыт мезгил жана үч жактын бирөө менен байланыштуу болот, ансыз белгилүү бир ойдун уюштурулушу мүмкүн эмес. Мисалы: Биз шаардан келдик. Биз – ээ, биринчи жакта, көптүк санда; келдик - баяндооч, биринчи жакта, көптүк санда жана өткөн чакта (кел+ди+к). Эгерде этиштик баяндоочко уланган өткөн чак (-ды) менен биринчи жактын (-к) мүчөсүн алып таштасак, түшүнүксүз болуп, сүйлөм түзүлбөй калар эле: Биз шаардан кел... Ошентип, сүйлөмдүн предикативдүүлүк деген белгисин уюштурууда жак жана чак колдонулат. Мындай көрүнүш баяндоочу этиштен болгон сүйлөмгө тиешелүү, ал эми баяндооч ар дайым эле этиштен боло бербейт да. Кээдс башка сөз түркүмүнөн болушу мүмкүн. Мындай учурда баш мүчөлөрдүн ортосунда маанилик байланыш болот: Уят өлүмдөн катуу (макал) - эмне уят – ээ; кандай? – катуу – баяндооч, сын атооч; заттын сыпаты көрсөтүлдү.

Кыргыз тилинин мыйзамдарына таянсак, анда сүйлөмдө ээнин дайым эле катышып турушу милдеттүү эмес, бир тутумдуу сүйлөмдөрдө (жактуу, жаксыз) ээсиз эле, айтылуучу ой – пикир кадимкидей түшүнүктүү болуп турат: 1. Келдим, эне, элди – жерди сагынып. (Ж.Т.) Эмне болдум? – келдим – баяндооч; эмне үчүн келдим? – элди – жерди сагынып – бышыктооч. 2. Кызды төрөйт, кыялын кошо төрөбөйт (макал). Бул – татаал сүйлөм: а) кызды төрөйт; эмне болот? – төрөйт – баяндооч; кимди төрөйт? – кызды – толуктооч; эмне болбойт? – кошо төрөбөйт – баяндооч; эмнесин? – кыялын – толуктооч. Мында ээ катышкан жок, анын болушу талап кылынбайт, сүйлөм этиштик баяндооч аркылуу уюшулган.

Эгерде баш мүчөлөрдүн экөө тең катышпаса, анда жалаң айкындооч мүчөлөрдөн сүйлөм түзүлбөйт, салыштырып көрөлү: Адамды сүйө албаган адам ата-энени да урматтай албайт – адамды сүйө албаган...ата-энени да... жыйынтыктап айтканда, «предикативдүүлүк – сүйлөмдүн эң негизги белгиси, ал – ээ менен баяндоочтун ортосундагы синтаксистик катыш». Ошентип сүйлөмдү сүйлөм кылып турган анын негизги белгилеринин бири – предикативдүүлүк.

Сүйлөөчү адам ар кандай түзүлүштөгү сүйлөмдү колдонуп, айтылып жаткан ойго карата өзүнүн ар түрдүү мамилесин билдириши мүмкүн: окуянын накта чындык экендиги же чындык эместиги, кыймыл-аракеттин жүзөгө ашары, же ашпай тургандыгы, анын иш жүзүнө ашарына ишенүү, үмүттөнүү, божомолдоо ж.б. Ушунун баары сүйлөмдүн модалдуулук белгисин билдирет. Демек, модалдуулук – сүйлөмдүн дагы бир белгиси. Бул маселе боюнча төмөнкү сүйлөмдөрдүн мазмунун байкап көрөлү: 1) Мен өскөн айылыма барам. Мында кыймыл-аракеттин чындык экендиги этиштин келер чагы аркылуу берилди. 2)Албетте, мен туулуп өскөн айылыма барам. Айтылып жаткан ойду бекемдөө. 3)Балким, мен туулуп өскөн айылыма барам. Айтылып жаткан ойго бүдөмүк, так эмес маани берди. 4) Мен туулуп өскөн айлыма баруум керек. Жоопкерчилик, милдеттүүлүк маанисин берди. 5) Мен туулуп өскөн айлыма барсам экен. Каалоо, ниеттенүү маанисин берди ж.б. Демек, сүйлөмдүн модалдуулук белгиси дегенде айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн мамилесин билүү керек.

Кыргыз тилиндеги модалдуулук категориясы жөнүндөгү маселе проф. Ж.Жусаевдин «Грамматические средства выражения категории модальности в современном кыргызском языке» (2000) деген монографиясында илимий-теориялык жактан кеңири изилденген.

Биз ушул макалабызда сүйлөмдүн негизги үч белгисине гана токтолдук. Мындан тышкары сүйлөмгө интонация да таандык. Макалада интонация боюнча сөз кылынган жок, ал эми модалдуулукту толук чагылдырууда, ишти басмага даяродоодогу көлөмүнүн чектелгендигине байланыштуу мүмкүнчүлүк болбоду.

АДАБИЯТТАР:

1. Виноградов В.В. Основные вопросы синтаксиса предложения. –В кн.: Вопросы грамматического строя. –Москва: АН СССР, 1955. –1, 435-стр.
2. Дүйшеев Д.Ж. Интонации простого повествователиного предложения в современном киргизском языке. Автореф. канд. дисс. –Фрунзе, 1980.
3. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. –Фрунзе: Мектеп, 1979.
4. Жакыпов Ы., Майрыков Д. ж.б. Кыргыз тили. Синтаксис II бөлүк. –Фрунзе: Мектеп, 1973.
5. Жусаев Ж. Грамматические средства выражения категории модальности в современном кыргызском языке. –Бишкек: ИГУ, 2000.
6. Иманов А., Сапарбаев А. Кыргыз тили. II болук, Синтаксис: Педагогикалык окуу жайлар үчүн. –Фрунзе: Мектеп, 1990.
7. Иманов А. Кыргыз тили. Жогорку окуу жайларынын филология факулнтетинин сырттан окуучу студенттери үчүн. –Фрунзе: Мектеп,1990.
8. Өмүралиев Б. Кыргыз тилин окутуунун урунттуу маселелери. –Фрунзе: Мектеп, 1986.

УДК 378.144

Б.С.Чокошева

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА СЫН АТООЧТУ ОКУТУУДА МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

*Кыргыз тилин башталгыч класста окутуунун негизги булагы болуп тил илими эсептелинет. Ал тилдик материалдын мазмунуна жана өзгөчөлүгүнө жараша изилденип, кыргыз тилин окутуунун методдору жана ыкмалары белгиленет. Башталгыч класста морфологияны окутуунун негизги иш аракеттеринин бири – морфологиялык талдоо. Ушуга байланыштуу бул макалада башталгыч класста сын атоочту окутууда морфологиялык талдоолорду жүргүзүү боюнча маселелер козголду.*

Көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор, методисттер грамматикалык талдоого зор маани берип келе жаткандыктары эчактан бери эле белгилүү. Улуу педагог К.Д.Ушинский да ага мындайча баа берген: «Бизде дайыма колдонулуп келе жаткан грамматикалык талдоо эң мыкты ыкмалардын биринен болуп саналат» [6, 384-б.].

Мектепте морфологиялык талдоо эки багытта жүргүзүлөт:

1) сөздүн курамына карай ажыратуу; 2) сөз түркүмдөрү боюнча талдоо. Бул багыттар боюнча төмөнкүдөй ырааттуулукта талдоо жүргүзүү талапка ылайыктуу: а) сөздү курамына карай уңгу жана мүчөгө ажыратуу. Уңгу менен мүчөнүн түрлөрүн аныктоо. б) сөз түркүмү боюнча талдоо. Сөздүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигин, ага берилүүчү суроосун, грамматикалык белгилерин көрсөтүү.

Ал эми сын атооч сөз түркүмүнө кирген сөздөрдү морфологиялык жактан талдоодо төмөнкүдөй иш-аракеттер аткарылат: а) сын атооч сөздү курамына карай ажыратуу. Эгерде ал уңгу түрүндө турса, аны белгилеп, ал эми мүчөнүн жардамы менен жасалса, ал кайсы мүчө экендигин айтып берүү. б) сөздүн сын атооч сөз түркүмүнө кирерин, кандай суроого жооп берип тургандыгын, кайсы даражада экендигин талдоо керек. Эгерде ал затташкан (субстантивдешкен) сын атооч болсо, аны белгилөө керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн тартип боюнча морфологиялык талдоо жүргүзүп көрөлү:

Берекелүү күз мезгилинде мол түшүм жыйналды. 1) Береке-лүү (уңгусу береке, -лүү мүчөсү, сөз жасоочу мүчө; анын ичинен зат атоочтон сын атоочту жасоочу мүчө). Күз – уңгу түрүндө турат; мезгил – и – нде – мезгил – уңгусу, и – сөз өзгөртүүчү мүчө, анын ичинен таандык категориянын III жагынын мүчөсү; нде – сөз өзгөртүүчү мүчө, жөндөмө мүчө, жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү. Эскертүү: III жактын таандык мүчөсү уланып турган сөз жөндөлгөндө, жатыш жөндөмөсүнүн негизги –да мүчөсүнө «н» тыбышы кошулуп айтылат: мол – уңгу түрүндө турат; түшүм – уңгу түрүндө турат; жый-на-л-ды – уңгусу – жый, -на (-ла) – сөз жасоочу, этиштен этиш жасоочу мүчө; -л – сөз өзгөртүүчү мүчө,